УДК 371.4

# ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ МЕЖПОКОЛЕННОГО ОТНОШЕНИЯ

*А.С. Жуматаева*

Рассмотрены основные характеристики современных межпоколенных взаимоотношений как основы воспитания уважительного отношения к людям пожилого возраста; представлен анализ проблемы воспитания уважительного отношения к пожилым людям с позиций различных гуманитарных наук. Статья посвящена актуальной проблематике современности, которая касается всего общества, ведь поколение – это понятие, обозначающее разные аспекты родственной и возрастной структур исторического развития общества.

*Ключевые слова:* поколение; генерация; возрастная группа; поведение; отношения; детство; молодость; старость.

# МУУНДАР АРАЛЫК МАМИЛЕНИН ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ

*А.С. Жуматаева*

Бул макалада улгайган курактагы адамдарга урмат-сый менен мамиле кылууга тарбиялоонун негизи катары, азыркы муундар аралык мамлелерге негизги мүнөздөмөлөр каралат; ар түрдүү гуманитардык илимдердин көз карашынан алып караганда улгайган курактагы адамдарга урмат-сый менен мамиле кылууга тарбиялоо маселесине талдоо жүргүзүлгөн. Макала бүткүл коомго тиешелүү болгон бүгүнкү күндүн актуалдуу көйгөйүнө арналган, анткени муун – бул коомдун тарыхый өнүгүүсүнүн туугандык жана курактык түзүмүнүн ар түрдүү өңүттөрүн билдирген түшүнүк болуп эсептелет.

*Түйүндүү сөздөр:* муун; генерация; курактык топ; жүрүм-турум; мамиле; балалык; жаштык; карылык.

# THEORETICAL BASES OF INTER-GENERAL RELATIONS

*A.S. Jumataeva*

This article discusses the main characteristics of modern intergenerational relationships as the basis for the upbringing of respect for older people; The analysis of the problem of developing respect for older people from the perspective of various humanities is presented. The article is devoted to the actual problems of modernity, which concerns the whole society, because generation is a concept that denotes various aspects of the related and age structures of the historical development of society.

*Keywords:* generation; generating; age group; behavior; relations; childhood; youth; old age.

Талдоого алынган илимий булактарда “муун” (М.И. Постникова, Е.А. Петрова, С.В. Чернецкая, А.А. Чуприна), “генерация” (Ю.В. Стригунов) жана “курак тайпасы” (Г.М. Андреева, А.В. Микляева) деген маанилеш түшүнүктөр кезигет. Анда алгачкы эки түшүнүктү (анг. тил. generation – муун) толук синоним катары кароого болот, ал эми “муун” жана “курак тайпасы” терминдеринин ортосунда айрым өзгөчөлүктөр бар.

А.В.Микляеванын эмгегинде “курак тайпасы” түшүнүгүн “коомдун маданий-тарыхый өнүгүүсүнүн негизинде калыптанган, өмүр жолунун бир баскычында (балалыгы, жаштыгы, жетилген доор, карылык) бараткан адамдардын биригишинен келип чыккан жалпылык жана курактык мамиле кырдаалдарындагы алардын жүрүм-турумун жөнгө салуучу коомдун курактык түзүлүшүндөгү окшош көрүнүштөрдү ажыратуучу күч экендиги айтылат [4, 18 б.]. Аталган социологиялык сөздүктөгү аныктаманын негизинде “муун” термини өзүнүн спецификалык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон белгилүү тарыхый

этаптын таасиринен түзүлгөн социалдык жана саясий багыттагы адамдардын курактык жакындыктарынын жыйындысы катары түшүнүүгө болот [1, 155 б.].

А.В. Микляева өзүнүн терминологиялык анализин жүргүзүп жатып, "муун" жана "курак тайпасы" түшүнүктөрүнүн ортосундагы уңгулук айырмачылыктарды конкреттүү социалдык-тарыхый окуялардын баскычы коомдун талабына жооп бере турган өзгөчөлүктөрүн аныктоодогу жалпылык деп белгилейт. Курактык тайпалардын мүнөздөмөсү жүздөгөн жылдар бою калыптанат жана салыштырмалуу туруктуу болуп саналат. Ошондуктан бир же ошол эле муундун өкүлдөрү, убакыт өтүшү менен курактык катмарды катарынан басып өтүп, курактык чек аралар аркылуу түрдүү курактык тайпалар аркылуу идентификацияланат [4, 23 б.].

Ошондой болсо да, айрым бир мүнөздөмөлөрдүн мазмундук жалпылыгын сактоо менен бул терминдер контексттик синонимдер катары эсептелет. Бирок, социалдык-маданий тараптан мамиле кылуу тарабынан алып караганыбызда биздин изилдөөбүздө "муун" термини ачкыч сөз катары калат. Социологияда муундук мамиле үч өмүр жолунун өлчөмү катары талдоого алынат, социалдык-мезгилдик континуумда: жаш муун, жетилген курак мууну, карыган курак мууну. Ошентсе да, так ажыратуучу муундук жалпылык болбойт. Түрдүү изилдөөчүлөрдүн пикирлери боюнча "үчүнчү муун" – 50–55 жана 60 жаш тегерегиндегилер эсептелет. Аталган иште КРнын пенсия мыйзамдарында көрсөтүлгөн аялдардын 55 жаштан, а эркектердин 60 жаштан карылык мезгилин эсепке алып, биз ушул курактык чектерге таяндык. Биздин изилдөө талаабыз муун аралык байланыштар жана пенсияга чыккан (55 жаштан жогору) кары кишилер, студенттер, окуучулар менен пикир алышуу жагдайларын үйрөнүүнү болжолдойт.

Г.А. Подогов [7, 81–86 б.] муундар аралык жалпылыкты караган концепцияны талдап жатып, жаңы доордун ойчулдары тарабынан сунушталган "муун" терминине үч негизги ыкманы белгилеген:

- позитивдүү багыт, муунду аянттык-хронологиялык жалпылык катары кароо;
- романтикалык-гуманитардык (В. Дильтей, О. Лоренц, Х. Ортега-и-Гассет), жаратуучу муун, биринчи кезекте рухий жалпылык, муундун ички рухий биримдиги, идеялардын жалпылыгы жана ишмердүүлүгү;
- тарыхый жана саясий (Маркс К. Мангейм), убактылуу бийликтеги жалпылыкты түзгөн катары эсептөө.

Муундун феноменин түшүнүүгө В.Т. Лисовский тарабынан дифференциялык мамиле жасоо сунушталган, анда ата мекендик социологиялык адабияттардагы муундун беш аныктамасынын берилиши айтылат:

- элдик муун же когорта – туулган жылдары боюнча жакын болгон жана белгилүү бир курактык топту түзгөн кишилердин жыйындысы.
- антропологиялык муун – жалпы ата-текке тиешелүү болгон кишилердин жыйындысы.

Бул контекстте түпкү тектен таркоо тепкичтеринин мааниси каралат (нөл, эркек аттууларынын бирин калтырбай төмөндөө мууну).

- тарыхый муун – убактылуу мезгил, ата-энелердин төрөлүшү жана алардын балдардын төрөлүшүн үн ортосундагы аралыктын бирдей болушу (статистикалык – 20–25 жыл).
- хронологиялык муун – убакыттан үзүндү, аталган курактык жалпылык жашап жаткан учур жана бул мезгилде алар активдүү кыймылда болот.

Ал берген мааниси боюнча демографиялык муунга жакын, бирок ал жеке уникалдуу тажрыйбаларды, тарыхый окуяларды башынан өткөргөн (кайра куруучу муун, согуш балдары ж.б.) конкреттүү топтогу адамдардын тагдырын элестетүүгө мүмкүнчүлүк берет.

- Символикалык муун – белгилүү тарыхый процесстердин жана окуяларда катыштыгы менен байланышкан замандаштардын жалпылыктарын түшүндүрөт [3, 119–120 б.].
- Аталган трактовкаларга О.А. Нор-Аревян муундардын социалдык өзгөчөлүктөрүн, белгилүү бир муундун окшош адамдык мүнөздөмөлөрдү (мүнөз, темперамент, көндүмдөр) белгилейт [5]. Психологияны өнүктүрүү позициясында Е.А. Петрова (физиологиялык жана психикалык), социалдык (белгилүү социалдык тайпаларга таандык) жана тарыхый себептерге (коомдун саясий, экономикалык жана коомдук өзгөрүүлөрдү) бир коомдук топтун мүчөлөрүн (муун аралык курак коомун ) моюнга алат [6, 72 б.].

Аталган аныктама С.В. Чернецкойдун био-социо-руханий факторлордун байланышынын натыйжасындагы муундардын пайда болушун

изилдеген трактовкасы менен үндөшүп кетет [10, 22 б.].

М.В. Вдовина и М.И. Постникова социалдык-тарыхый тажрыйбалардын жана “замандаштарынын тагдырына” катышуу сыяктуу окшоштуктарга үй-бүлөлүк негизги байланышты (балалык доор, ата-энелик доор, чоң ата, чоң энелик доор) негизги өзгөчөлүк катары толуктоолорду киргизишет. Бир эле муундун жалпы сапаттык белгилерине укуктук статустун (мисалы, пенсиялык каржыланыш), экономикалык абалы, социалдык ишмердүүлүктүн маанилүүлүгү, жашоо образы, коммуникациялык өзгөчөлүктөрү да кирет. Социомаданий мамиленин негизинде “муун” түшүнүгүн атайын түзүлгөн коомдук-маданий шарттарда курактык чектердин биригиши, типтүү социалдык ролдордун топтому, окшош баалуулуктардын багыттары, жүрүм-турумдун жана ой жүгүртүүнүн үлгүлөрү катары аныктоого болот.

Ар бир муун өзү коомдошуунун биримдигинин чагылдырыуусу (ата-бабалардын тажрыйбаларын өздөштүрүү) аркылуу руханий-адеп-ахлактык мурастын жана коомдук-маданияттын үзгүлтүксүз камсыздандыруу менен маданий баалуулуктардын трансмиссиясын өздөштүрүүнү маанилүү милдет деп эсептеши керек [9, 24–28 б.; 10, 22 б.].

Азыркы гуманитардык изилдөөлөр муун аралык байланыштын кеңири проблемаларын козгошот. Окумуштуулардын пикиринде генерация аралык мамилелер коомдун өнүгүүсүнүн эң негизги энергетикалык, маалыматтык күчү болуп эсептелет. М.А. Дуарова муун аралык мамилелерди бышыктоону коомдун интеграциялык потенциалын жогорулатуунун жолдорунун бири катары карайт. Учурдагы социалдык-маданий тематикалар боюнча көптөгөн иштердин жүрүшүн муун аралык мамилелердин коомдун өнүгүшүнүн негизги механизми, маданий мурас, тарыхтын изи катары эсептөөгө болот. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө муундардын алмашуусу процесси коомдук социалдык-маданий чөйрөнүн өнүгүүсүндө коомдук-маданий капиталды өткөрүп берүүдө салым кошо тургандыгын жана тарыхый маданияттын үзгүлтүксүз негизин түзө тургандыгы көрсөтүлгөн [2]. К. Маркстын тезистерине таянсак, “тарых – муундардын катары менен алмашуусу эмес, ал башка нерсе”, ар бир муун, бир жагынан улантат, башка жактан мурас болгон шарттарды жана өзүнүн жашоо образын өзгөртөт. Испан философу Х. Ортега-и-Гассет муундардын алмашуусу коомдун тарыхынын “пульсациясын” түзөт жана салттардын жана жаңычылдыктардын биригүү чектерин аныктайт. Коомдук-маданий парадигманы үйрөнүүдө муун аралык мамилелердин, т.а. ар бир кишинин түрдүү куракта өз ара коомдук нормаларга жана экспектация талаптарына жооп берген абалда мамиледе болуш негизделет [4]. Коомдук-маданий парадигманы үйрөнүүдө муун аралык мамилелердин, т.а. ар бир кишинин түрдүү куракта өз ара коомдук нормаларга жана экспектация талаптарына жооп берген абалда мамиледе болушу негизделет. Ушундай жол аркылуу коомдук-маданий чөйрө генерациянын психологиялык аспектилер менен өз ара байланышына сөзсүз таасир кылат.

Е.А. Петрова аталган феноменди “түрдүү муундарга таандык өз ара байланыш жана субъектилердин өз ара байланышы, жеке аң сезимдин объектиге карата белгилүү психологиялык мамиле катары жана анын каршылаш активдүүлүгү, субъектинин жүрүм-турумун жөнгө салуучу жана жеке өз ара аракеттенүүсү жана коомдук билимди берүү” деп карайт [6, 72 б.]. Муун аралык байланыштар билген абалда же начар билген абалда болушу мүмкүн жана түрдүү когнитивдик, эмоционалдык, жүрүм-турумдук көрүнүштөрү жана социалдык ой жүгүртүүсү аркылуу билдирилет. Субъекти коомдогу ордунун чагылдырылышын өзү таба алат, алар кабыл алуу схемасын жана үй-бүлөлүк жана башка социалдык процесстерде интерпретациялоодо, аларга карата болгон мамилени, адамдык социалдык жүрүм-турумун башкарат [6, 72 б.]. Түрдүү курактык топтор жөнүндөгү коомдук теманы өнүктүрүү менен А.В. Микляева муун аралык мамиле коомдун курактык стратификациясынын негизинде түзүлөрүн, анда курактык нормалар жана маданиятта экспектациялар системасы катары бышыкталарын аныктайт. “Маданияттын курактык символизми” төмөнкү элементтерди камтыйт: курактын нормативдүү критерийлери, курактык стереотиптер, адамдын бир курактык топтон башка топко өтүшү, ошондой эле курактык субмаданияттар – атайын белгилердин топтору жана өздөрүн социалдык топтордун мүчөсү катары эсептеши [4].

Ошентип курактык көрүнүш сүрөттөө аркылуу гана чагылдырылбастан, ченемдик-мыйзамдуулук мүнөзгө да ээ. Ал курактык-ролдук күтүү системасына бириктирилген, т.а. адамга белгилүү куракта таңууланган коомдук

чөйрөнүн талаптарына жана ченемдерине баш ийет. Ошентип, түрдүү курактагы кишилерге жасалган мамиле көптөгөн шарттуу орундарды, коомдук түзүлүштөгү генерациянын ордун ээлейт жана аталган генерация аткаруучу кызматтар аныкталат.

Муун аралык байланыштын жүрүшүндө субъектинин курактык идентүүлүгү актуалдаштырылат. Ошондой эле өзүнүн курактык муунунун социалдык статусун башка генерациянын өкүлдөрүнүн абалына салыштырууга болот [4]. С.В. Чернецкийдин муун аралык байланышындагы тоскоолдуктарды изилдөөгө арналган изилдөөлөрүндө муун аралык мамилелердин курамындагы элементтерине муун аралык коммуникация кирет [10].

Автор муун аралык байланыштагы коммуникацияны маданияттын мурасталган процесси катары төрт баскычтуу бирдиктерин көрсөтөт:

1) идеологиялык (таануунун маданияты жана ой жүгүртүү, социалдык тажрыйбаны талдоо жана жалпылоо);

2) эмоционалдык-психологиялык (жаңы билимдерди чындык экендигине ишенүү);

3) жүрүм-турум ишмердүүлүгү (өзүнүн идеалдарын күнүгө ишке ашырууга жөндөмдүүлүгү жана даярдыктар);

4) аксиологиялык (дүйнө таануунун принциптерин, баалуулуктарды, моралдык ченемдерди берүү) [10, 47 б.].

Муун аралык байланышта бирге аракет кылуу, пикир алышуу жана ишмердүүлүк, социалдык (объективдүү) жана жеке (субъективдүү) пландагы мамилелер детерминант катары каралат. М.И. Постникованын пикири боюнча муун аралык мамилелер түрдүү социалдык чөйрөдө жүрөт:

- микросистема (үй-бүлө, класс, окуудагы тайпа, жумуштагы жамаат);
- мезосистема (микросистеманын өз ара кыймылда болушу, үй-бүлө, мектеп ж.б.);
- экзосистема (коом – мамлекет – өлкө; шаар – кыштак);
- макросистема (маданият; баалуулуктар; этномаданий өзгөчөлүктөр).

О.А. Нор-Аревяндын эмгектеринде да ушу сыяктуу муундардын өз ара байланышынын микро-, мезо- жана макро деңгээлдеринин окшош градациялары көрсөтүлгөн.

Изилденген булактардагы “муун аралык байланыш” түшүнүгү пикир алышуу жагдайларынын шарттуулугу жана эки тараптуу билимдердин трансмиссиясын камтыган, маданий мурас, багыттын баалуулугу жана дүйнө таануунун калыптандыруучу түрдүү генерация өкүлдөрүнүн өз ара байланышы катары каралат. Ал эми социомаданияттын чөйрөсү ушул курактык ченемдер жана экспектациялар, субъектилердин психологиялык өзгөчөлүктөрү жана инсандык мамилелер аркылуу мүнөздөлөт. Психологиялык-педагогикалык изилдөөлөрдө муун аралык мамилелердин ар түрдүү билим берүүчү жана өнүктүрүүчү-тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү ачылган.

С.Л. Шалаева муун аралык байланыш модели адамды коомдоштуруунун алгачкы этаптарында кишинин жүрүм-турумунун бардык базалык моделдерин катарынан жүрүшү аркылуу муундардын же бүтүндөй бир элдин социалдык динамикасы түзөт деп эсептейт. Окумуштуулардын пикири боюнча аталган модель “бардык интеллектуалдык, руханий, өзүнө жана курчап турган дүйнөгө карата ишмердүүлүктүн түрдүү формаларында бардык социалдык чөйрөдө адамдын ой жүгүртүүсүнө жана жүрүм-турумуна тасирин тийгизет”.

Ошондуктан, муун аралык байланыштын ролун бардык коомдук тайпаларда дүйнөнү сүйүү же адамдын пикир келишпестигин ашыкча баалоо кыйын маселе. Демек, ал жалпы адамзаттык (дүйнөдөгү коомдук тынчтык жана согуш мезгилдеринде, мамлекеттер аралык, маданият аралык жана улуттар аралык мамилелер) мамилелер болуп саналат. Окумуштуулар улуу муундар менен байланышты баланын психикалык өсүү шарты катары картайган кишиге болгон мамиле баланын башкаларга болгон мамилеринин бардык түрүнүн негизин түзөрүн коомдук тажрыйбалар көрсөткөнүн изилдеп келишет. М.И. Постникова муун аралык байланыштын коммуникативдик, адаптациялык, өнүктүрүүчүлүк, билим берүүчүлүк жана тарбиялык функцияларына ажыратат.

***Колдонулган адабияттар***


1. *Алимбеков А.* Түрк дүйнөсүнүн ойчулдарынын мурастарындагы педагогикалык идеялар / А. Алимбеков. Бишкек, 2017. 155 б.
2. *Глотов М.Б.* Поколение как категория социологии / М.Б. Глотов // Социологические исследования. 2004. № 10. С. 42–49.
3. *Лисовский В.Т.* Социология молодежи / В.Т. Лисовский. СПб.: Изд-во СПбГУ, 1996.

4. *Микляева А.В.* Возрастная дискриминация как социально-психологический феномен: монография / А.В. Микляева. СПб.: Речь, 2009.
5. *Нор-Аревян О.А*. Конфликтогенность взаимодействия поколений в условиях социальной транзиции российского общества: Микросоциологический анализ: дис. ... канд. соц. наук: 22.00.04 / О.А. Нор-Аревян. Ростов н/Д., 2003. 169 с.
6. *Петрова Е.А.* Межпоколенные отношения как ресурс совладающего поведения: дис. ... канд. психол. наук: 19.00.13 / Е.А. Петрова. М., 2008. 249 с.
7. *Подогов Г.А.* Исследование межпоколенческих отношений современными гуманитарными науками / Г.А. Подогов // Вестник Краснодарского университета МВД России. 2010. № 3. С. 81–86.
8. Учебный социологический словарь / под общ. ред. С.А. Кравченко. М., 1999. 352 с.
9. *Стригунов Ю.В.* Межгенерационные отношения в современном российском обществе: динамика ценностей старшего поколения и молодежи: дис. ... канд. соц. наук: 22.00.04 / Ю.В. Стригунов. Ростов н/Д., 2009. 200 с.
10. *Чернецкая С.В.* Межпоколенная коммуникация: Барьеры и конфликты; социально-антропологический аспект: дис. ... канд. филос. наук: 09.00.13 / С.В. Чернецкая. Ростов н/Д., 2003. 161с.